**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**И.АРАБАЕВ атындагыКЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ**

**С.НААМАТОВ атындагы НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 13.16.526 диссертациялыккеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК: 37:378.14:378.937**

**СУЛТАНАЛИЕВА ШАЙЫРКҮЛ КАРЫПБЕКОВНА**

# БАКАЛАВР СИСТЕМАСЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН РЕФЛЕКСИЯЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек-2017

Диссертациялык иш С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогикалык факультетинин педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасында аткарылды.

**Илимийжетекчи:** педагогика илимдеринин доктору,профессор
**СияевТаштанбек Моңолдорович**

**Расмийоппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Раимкулова Ажарбүбү Супуровна**

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
**Омаралиев Абдималик Чырмашевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин педагогика кафедрасы. Дареги: 720044,
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Манас проспектиси, 56.

Диссертациялык иш 2017-жылдын 15-мартында саат 13:00дө Кыргыз билим берүү академиясынын, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д.13.16.526 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720040, Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы, 25.

Диссертациялык иш менен Кыргыз билим берүү академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720040, Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы, 25 (www.kao.kg).

Автореферат 2017-жылдын 14-февралында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, педагогика
илимдеринин кандидаты: **Байсеркеев А. Э.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын максаттуу өнүгүү багыттарынын бири – жогорку билим берүү системасынын мазмундук жана маңыздык өзгөрүүсү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23-март, 2012-жылдагы №201 "Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндөгү" Токтомунда2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы бекитилген. Анда "*...билим берүү системасынын өнүмдүүлүгүнүн башкы критерийи катары алдыда турган чакырыктарга адекваттуу реакция кылууга жөндөмдүү жана өлкөнүн экономикалык, социомаданий жана саясий муктаждыктарына ылайык келүүчү компетенттүүлүккө ээ болгон бүтүрүүчү саналат*" деп көрсөтүлгөн.

Демек, билим берүү системасынын кыймылдаткыч күчү болгон башталгыч мектеп мугалиминин кесиптик жана инсандык касиеттерине жаңы, өзгөчө талаптар коюлууда. Мугалимдин кесиптик жана инсандык касиеттеринин калыптанышы анын рефлексиялоо жөндөмүнө түздөн-түз көз каранды болуп саналат.

Азыркы педагогика жана психология илимдеринде рефлексия-субъекттин ички психикалык абалдарын өз алдынча таануу процесси катары ар тараптан изилденген. Көптөгөн изилдөөлөрдө рефлексиянын зарылчылыгы, анын ички табиятын түшүнүү, түзүмүн аныктоо, өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн табуу жана башка аспектилер изилденген. Россия Федерациясында рефлексия кубулушу Г.П.Щедровицкийдин, А.В.Карповдун, В.Н.Мясищевдин, В.В.Пономареванын жана башкалардын изилдөөлөрүнүн негизги предмети катары каралган.

Педагогикалык рефлексия маселеси болсо, мугалимди даярдоо процессинде өзгөчө мааниге ээ болуу менен А.А.Вербицкийдин, Б.С.Гершунскийдин, Ю.Н.Емельяновдун, А.К.Маркованын, В.А.Сластениндин жана башкалардын эмгектеринде каралган. Ал эми Кыргыз Республикасында рефлексия түшүнүгү мугалимдин кесиптик, инсандык касиеттерин калыптоого байланышкан И.Бекбоевдин, Э.Мамбетакуновдун, Ж.Байсаловдун, Д.Бабаевдин, А.Мамытовдун, Н.Дюшееванын, Т.Сияевдин жана башка окумуштуулардын изилдөөлөрүндө анын айрым аспектилери менен бирдикте изилденген. Бирок, ошол эле учурда Кыргызстанда болочоктогу мугалимдин негизги касиеттеринин бири болгон рефлексиялык компетенцияларын калыптоо маселеси илимий изилдөөнүн предмети катары карала элек.

Ошентип, рефлексия боюнча илимий эмгектердин анализинин, алгачкы абалды аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары жана ошондой эле жогорку окуу жайында бакалавр-студенттерди окутуудагы

өздүк ишмердүүлүктүн натыйжалары окуу процессиндеги төмөнкү **карама-каршылыктары**аныкталды:

- жогорку окуу жайлары бакалавр системасында мугалимдерди даярдоого өтүшкөнү менен ал системада болочоктогу мугалимдерди даярдоонун өзгөчөлүктөрүнүн аныкталбагандыгы, өзгөчө болочоктогу мугалимдердин рефлексиялык компетенцияларынын такталбагандыгы;
- студенттерди окутууда компетенттүүлүк мамиле орун алганы менен азыркы убакытка чейин болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптоонун педагогикалык негиздеринин аныкталбагандыгы, анын ичинде рефлексиялык ишмердүүлүктү калыптоонун изилденбегендиги;
- болочоктогу башталгыч мектеп мугалиминин рефлексиялык жөндөмүн ар тараптан калыптоо муктаждыгы менен рефлексияны калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталбагандыгы, аны менен бирге рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптоо боюнча дидактикалык материалдардын дээрлик жоктугу.

Жогоруда көрсөтүлгөн илимий карама-каршылыктарды чечүү максатында **«Бакалавр системасында студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери»** аттуу тема тандалып алынды.

**Изилдөөнүн максаты** – окуу процессинде студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Илимий теориялык адабияттардагы бакалавр-студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгү боюнча эмгектерге талдоо жүргүзүү жана ал маселенин тереңдетилип изилденишинин зарылчылыгын белгилөө.
2. Болочоктогу мугалимдердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптоонун педагогикалык негиздерин аныктоо. Рефлексиялык ишмердүүлүктү калыптоонун моделин иштеп чыгуу.
3. Студенттердин кесиптик рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандырууга багытталган “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” автордук курсун жана тренингди дидактикалык каражаттар катары негиздөө.
4. Даярдалган моделдин жана дидактикалык каражаттардын натыйжалуулугун тастыктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

- педагогикалык жана психологиялык эмгектердин анализинин жана практикалык ишмердүүлүктүн негизинде болочоктогу педагогдун маанилүү касиеттеринин бири рефлексия боло тургандыгынын аныкталышы;

- бакалавр-студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүнүн түрлөрү жана формалары;
- жогорку окуу жайында студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптоонун модели жана педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен тастыкталган рефлексиялоону калыптоонун натыйжалуу педагогикалык негиздери;
- даярдалган тренинг жана тандоо предмети катары кабыл алынган “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” аттуу автордук курсу.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү**:

Изилдөөнүн материалдары жана жыйынтыктары жана С.Нааматов атындагы НМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” аттуу атайын курс педагогикалык багыттагы студенттерди даярдоого колдонулат. Мындан тышкары, иштелип чыккан материалдар мугалимдердин кесибин жогорулатуу курстарында колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн алкагында даярдалган студенттердин рефлексиялоосун калыптоонун модели жана курсу студенттерди даярдоодо инновациялык методдорду колдонууга шарт түзөт. Натыйжада, кесиптик даярдоодогу тышкы жана ички (өздүк) баалоого мүмкүнчүлүк түзүлүп, мугалимдерди даярдоо процессинин сапатынын жогорулашына өбөлгө түзө алат.

**Изилдөөдө төмөнкү жоболор коргоого коюлат:**

1. Болочоктогу башталгыч мектеп мугалимдеринин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптоонун теориялык жана практикалык негиздери.
2. Бакалавр-студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптоонун педагогикалык негиздери жана анын компоненттерин камтыган модель.
3. Студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн натыйжалуу калыптоодогу дидактикалык каражаттардын жана “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” аталыштагы автордук курсунун негизделиши.
4. Болочоктогу мугалимдердин кесиптик рефлексиялоосун калыптоого багытталган педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары.

**Изилдөөнүн базасы:** Мугалимдердин жана студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент мектеп мугалимдеринин жана педагогика багытында окуган студенттердин арасында жүргүзүлгөн. Абалды аныктоочу эксперимент Нарын облусунун башталгыч мектеп мугалимдеринин жана С.Нааматов атындагы НМУнун студенттеринин арасында жүргүзүлгөн. Ал эми негизги эксперимент К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде, С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде жана Кыргыз-Өзбек университетинде жүргүзүлгөн. Жалпысынан педагогикалык экспериментке 123 башталгыч мектеп

мугалими жана жогоруда көрсөтүлгөн окуу жайлардын 161 студенттери катышкан.

**Изилдөө үч этапты камтыды:**

*Биринчи этап* – даярдоо этабы (2007-2009-жж.) Бул этапта изилдөөнүн багыты боюнча илимий-педагогикалык адабияттар анализденди. Изилдөөнүн жалпы стратегиясы даярдалды. Абалды аныктоочу эксперимент жүргүзүлдү.

*Экинчи этап* – изденүүчү этап (2010-2012-жж.). Бул этапта кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо мезгилинде студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүктөрүн калыптандыруунун шарттары жана анын модели иштелип чыкты. Иштелип чыккан модель К.Тыныстанов атындагы ЫМУда,КӨУда жана С.Нааматов атындагы НМУда педагогика багытындагы студенттерди даярдоодо практикага киргизилди.

*Үчүнчү этап* – жыйынтыктоочу этап (2013-2016-жж.). Бул этапта диссертациялык иштин жалпы натыйжалары аныкталды. Диссертациянын негизги жыйынтыктары жетишээрлик деңгээлде талкууланды. Изилдөөнүн жыйынтыктары жалпыланып, диссертациялык иш жазылып бүттү.

**Изилдөөнүн темасынын илимий программалар менен байланышы.** Диссертациянын темасы С.Нааматов атындагы НМУнун илимий-изилдөө иштеринин планы менен байланышта.

**Изденүүчүнүн жекече салымы төмөнкүлөр менен белгиленет:**

- студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгү боюнча илимий эмгектердин теориялык анализди жүргүзгөндүгү;
- студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүнүн педагогикалык шарттарын аныктагандыгы;
- “Студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптандыруунун” моделин жана “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” деген аталыштагы автордук курсту түзгөндүгү.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана колдонууга киргизүү.**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары боюнча Эл аралык, республикалык илимий-практикалык педагогикалык конференцияларда баяндоолор жасалган. Алсак, “Башталгыч жана орто мектепте билим берүү: көйгөйлөр, тажрыйбалар жана перспективалар” Республикалык илимий-практикалык конференция, И.Арабаев атындагы КМУ (2012-ж), “Актуальные пробемы педагогики и психологии в России и зарубежом” (Россия Федерациясы, 2016-ж.) жана башка конференцияларда талкууланган. Мындан тышкары, диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары С.Нааматов атындагы НМУнун «Педагогика жана окутуунун технологиялар» кафедрасынын жыйындарында системалуу түрдө талкууланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы:**

Диссертациянын темасы боюнча 16 макала жарыяланган, анын ичинен бирөө Казакстан Республикасында жана бешөө Россия Федерациясында жарыкка чыккан.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү:** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмегинен жана тиркемеден туруп, 140 бетти түзөт, анда 21 таблица, 4 сүрөт камтылган.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүү бөлүмүндө изилденүүчү теманын тандалышы негизделип, теманын актуалдуулугу аныкталган. Изилдөөнүн максаты, маселелери, милдеттери белгиленип, теориялык жана практикалык мааниси аныкталды, коргоого коюлуучу жоболор келтирилди.

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи главасы **"Башталгыч мектеп мугалимин бакалавр системасында даярдоонун теориялык маселелери"** деп аталып, анда бакалавриат системасында башталгыч мектеп мугалимин даярдоого анализ жүргүзүлүп, изилдөөнүн *биринчи милдети* чечилген.

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары 2012-жылдан баштап, дүйнөлүк жогорку билимдин өнүгүү тенденциясына ылайык, бакалавр-магистрдик академиялык даражаларга ээ болгон бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун эки баскычтуу системасына өттү. Ал эми 2015-жылдын 15-сентябрында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин №1179/1 буйругу менен педагогика тармагы боюнча кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары бекитилген. Бул документте 550700 – "Башталгыч билим берүү" багыты боюнча кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарты нормалардын, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы катары кабыл алынганы көрсөтүлгөн. Бакалавр академиялык даражасына даярдоонун убактысы 4 жыл деп бекитилген. "Башталгыч билим берүү" багытында бакалаврды даярдоонун жалпы көлөмү кредит менен көрсөтүлүп, ал көлөм 240 кредитке туура келет, ал 7200 академиялык саатка барабар.

Бакалавриат системасынын билим стандарты жогорку билим берүү системасынын дүйнөлүк өзгөрүү тенденцияларына айкалышуу менен эң биринчи ирет окутуунун жыйынтыгына багытталышы зарыл. Окутуунун жыйынтыгы бакалавр даражасына ээ болгон бүтүрүүчү төмөнкү инсандык сапаттарга ээ болушу менен мүнөздөлөт:

- инсандык өнүгүү – ар бир бакалаврдын адеп-ахлактык, эмоционалдык, эстетикалык жана физикалык өнүгүү боюнча баалуулуктарга жана касиеттерге ээ болуусу;

● социалдык өнүгүү – ар бир бакалаврда жарандык, демократиялык, атуулдук сезимдердин калыптанышы жана социалдык тажрыйбага ээ болушу;

● маданий өнүгүү – илимдердин негиздерин өздөштүрүү, улуттук жана дүйнөлүк маданиятка ээ болуу;

● интеллектуалдык өнүгүү – бакалаврдын интеллектиге ээ болушу, таанып-билүүнүн методологиясын түшүнүү, окуунун жана өз алдынча билимге ээ болуунун стратегиясын жана ыктарын өздөштүрүү;

● коммуникативдик өнүгүү – эне тилде, расмий тилде жана чет тилинде эркин баарлашууга жетишүү, вербалдык жана вербалдык эмес каражатттарга ээ болуу.

Бакалавриат системасында адистерди даярдоо эки багытты камтыйт: студенттердин ар тараптан өнүгүүсүн камсыздоо жана багытталган адистик боюнча аныкталган кесиптик компетенттүүлүктү калыптоону камсыз кылуу. Белгилүү болгондой, билим берүү “инсандын акыл-эсин, мүнөзүн жана физиологиялык мүмкүнчүлүктөрүн калыптоо” багытындагы процесс жана анын жыйынтыгы катары кабыл алынат.

Салыштыруу анализин жүргүзүү үчүн С.Нааматов атындагы НМУнун беш жылдык окуу планынын, кесиптик дисциплиналар блогундагы жалпы сааттын көлөмү менен бакалавриат системасындагы окуу планынын, кесиптик дисциплиналар блогундагы жалпы сааттын көлөмү салыштырылган. Жыйынтыгында, бакалавр системасында адистик даярдоо эки нерсе менен айырмаланары аныкталган. Биринчиден, кесиптик блоктун жалпы көлөмү аз болуп калган, тактап айтканда, жалпы айырма 240 саат. Экинчиден, бакалаврдык система менен мугалимдерди даярдоодо студенттердин өз алдынча билим алуусуна басым жасалат. Тактап айтканда, адистиктерди даярдоодо аудиториялык ишмердүүлүк менен студенттердин өз алдынча ишмердүүлүгү 60:40 катышы менен аныкталган, ал эми бакалавриат системасында 50:50 катышы менен белгиленген.

“Рефлексия” категориясы абдан татаал жана кызыктуу категориялардын бири болуп саналары диссертацияда көрсөтүлгөн. Бул главада түшүнүктү аныктоо боюнча Аристотелдин, И.Канттын, Дж.Дьюинин ж.б. ойлору жана пикирлери талданган.

Рефлексия түшүнүгүнүн педагогикалык билимдер жана педагогикалык ишмердүүлүк чөйрөсү менен байланышы Б.З.Вульфовдун, Г.П.Звенигородскаянын, Г.М.Коджаспированын, В.А.Сластениндин жана башка окумуштуулардын эмгектеринде талдоого алынган. Рефлексия мугалимдин окуучулар менен бирге аракеттешүүсүн уюштуруунун негизги психологиялык механизми катары каралат, аны мугалимдин

окуучулардын ишмердүүлүгүн рефлексиялык башкаруу процесси катары сыпаттоого болот.

Диссертациялык изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн илимий эмгектердин анализинин натыйжасында **«рефлексия»** категориясын төмөндөгүдөй аныктоого болот: рефлексия бир эле учурда инсандын өзүн-өзү таанып-билүү процесси, өзүнө карата мамилеси жана баасы, ошол эле учурда анын акыл-эсинин мүнөзү, сапаты жана ошондой эле инсандын интегралдык психологиялык абалы болуп эсептелет.

Диссертациялык изилдөөнүн экинчи главасы **“Студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери”** деп аталып, анда изилдөөнүн экинчи жана үчүнчү милдеттери ишке ашырылган.

Жогорку билим берүү системасын модернизациялоонун шарттарында кесиптик даярдоонун сапатын жогорулатуу эң негизги педагогикалык маселе болуп саналат. Азыркы жогорку окуу жайларда кандай гана өзгөртүп түзүүлөр жүрбөсүн, алардын бардыгы, баарыдан мурда, болочок педагогдун инсандык өзгөчөлүктөрү менен байланышкан. Рефлексиялык ишмердүүлүктү калыптоо базалык педагогикалык билим берүүнүн дидактикасын өнүктүрүүдөгү жана анын сапатын арттыруудагы маанилүү багыттардын бири катары өзгөчө ролду ойнойт.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө болочок мугалимдин кесиптик рефлексиясын калыптандыруунун модели түзүлдү. Модель төрт принципке негизделген: 1. Диалогдуулук принциби. 2. Интеграция принциби. 3. Ырааттуулук. 4. Координация принциби.

*Диалогдуулук принциби* болочок мугалимдин кесиптик рефлексиясын калыптандыруу үчүн жетектөөчү принцип болуп саналат. Болочок мугалимдин окутуучулар, кесиптештери менен бирге аракеттешүүсү диалогдуулук принцибин сактаганда гана натыйжалуу болот. Ал эми терең жана ар тараптуу рефлексия диалогдун катышуучуларынын пикирлерин адекваттуу чагылтуусуз мүмкүн эмес.

*Интеграция принциби* окутуу процессине кирүүчү элементтердин ичинде да, элементтердин ортосунда да бири-бирине тыгыз байланыш абалын камсыздайт. Окутуу процессиндеги болочок мугалимдин рефлексиясына, өз кезегинде, окутуучулардын жана башкасубъекттердин пикири таасир кылат. Интеграция принциби элементтердин ортосундагы анын бүтүндүгүн мүнөздөөчү ички абалды, байланышты мүнөздөйт. Кесиптик-педагогикалык рефлексияны калыптандыруу процессинде рефлексиянын сапатына жана объективдүүлүгүнө таасир кылуучу субъект-субъектилик алакаларды орнотуунун маанилүүлүгүн эсепке алуу зарыл.

Үчүнчү принцип *ырааттуулук* - калыптануу процессиндеги кубулуштардын ортосундагы байланышты түшүндүрөт, анда жаңы нерсе

өзүндө эскинин элементтерин сактайт. Болочок педагогдун кесиптик рефлексиясын калыптандыруу окутуу процессинде этап-этабы менен жүрөт, ар бир кийинки кадам мурункусуна негизделет, анын жетишкендиктерин тереңдетет жана кеңейтет. «Бири-бирине өтүүдө» анын түзүмү татаалдашат, инсандын мотивдери, багытталгандыгы ж.б.у.с. өзгөрөт. Дал ушул ырааттуулуктун аркасында болочок педагогдун рефлексиясын талдоо, түзөтүү жана өнүктүрүү үчүн фактылар топтолот.

Төртүнчү принцип – *координациялоо принциби* рефлексиялоо ишмердүүлүгүнүн компоненттеринин бири-бири менен болгон тыгыз байланышын жана алардын бири-бирине болгон катышын мүнөздөйт.

Иштелип чыккан моделге ылайык болочок мугалимдин кесиптик рефлексиясын калыптандыруу татаал система катары кабыл алынат, ошондон улам ал төмөнкү компоненттерди ичине камтыйт: а) максаттык компонент, б) мазмундук компонент, в) процедуралык компонент г) баалоочулук-натыйжалуулук компоненти (1-сүрөт).




## 1-сүрөт. Студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптандыруунун модели

*Максаттык компонентти* бөлүп көрсөтүү зарылдыгы педагог өз ишмердүүлүгүндө ыктарды, иш-аракеттерди аң-сезимдүү түрдө тандоосун аныктаары жана ал максат иш-аракеттердин натыйжаларын башкаруунун, болжолдонгон жыйынтык менен салыштыруунун каражаты катары чыгаары менен шартталган. Бул компоненте төмөнкү рефлексиялык компетенциялар калыптанат: жакынкы жана алыскы максаттарды аныктоо; өздүк ишмердүүлүктүн планын түзүү; жыйынтыкты алдын-ала аныктоо.

*Мазмундук компонент* болочок педагогдун калыптандырылуучу сапатынын маңызын ачат, ал төрт чөйрөнүн: таанымдын, иш-аракеттин, баштан кечирүүнүн жана өзүн аңдоонун биримдиги катары бериле алат. Бул компонент төмөнкү рефлексиялык компетенциялар менен байланышкан: өздүк жөндөмдүүлүктөрдү аныктоо; “Мен” концепциясын түшүнүү; өздүк мүмкүнчүлүктөрдү белгилөө; жаңы аракеттердин анализи.

*Процедуралык компонент* бул бардык иш-аракеттердин тиешелүү эрежелерди сактоо менен ырааттуу жана натыйжалуу өтүшү.Аталган компонентте төмөнкү рефлексиялык компетенциялар камтылган: рефлексиялоонун системалуулугун камсыздоо; рефлексиялоо аракетинин ырааттуулугу; өздүк аракеттердин анализи.

*Баалоочулук-натыйжалуулук* компоненти сунушталган моделдин иштөөсүнүн педагогикалык рефлексиянын калыптангандыгынын тиешелүү деңгээлдерин, чен-өлчөмдөрү менен көрсөткүчтөрүн иштеп чыгууга байланышкан натыйжалуулугун аныктайт. Бул компонентте төмөнкү компетенциялар калыптанат: өзү-өзүнө баа берүү, натыйжаны алдын ала билүү; өздүк өнүгүүдөгү кайтарым байланышты түзүү.

Эгерде рефлексиялоо ишмердүүлүгү аныкталган этаптарды иреттүү түрдө басып өтсө гана натыйжалуу жыйынтыкка жетет. Сунушталып жаткан болочок мугалимдин рефлексиялоо компетенциясын калыптоо моделинин алкагында, рефлексиялоону үч этап менен калыптоо белгиленет.

Биринчи этап - <u>өзүн-өзү таануу этабы</u>. Бул этапта чыгармачыл изденүүнүн жалпы технологиясын өнүктүрүү, студенттин инсандык-рефлексиялык түзүлүштү ачык-айкын билүүсү жана ошондой эле өзүн инсан катары баалоосу.

Экинчи этап - <u>өзүн-өзү мугалим катары жаратуу этабы</u>. Бул этапта студенттин инсандык турумун педагогикалык турумга өзгөртүү, өзүн болочок педагогикалык ишмердүүлүктө долбоорлоо орун алат. «Мен-педагог» концепциясы пайда болот.

Үчүнчү этап – <u>өзүн-өзү көрсөтүү, “өзүн-өзү ачуу” этабы</u>. Бул этапта билим берүү алкагында уюштурууга, кесиптик ишмердүүлүктүн рефлексиясына, ой жүгүртүүнүн сынчылдыгына, креативдүү ой жүгүртүүгө жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү орун алат.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында педагогика багытындагы студенттердин рефлексиялоосун калыптандыруу максатында «Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү» аттуу атайын курс даярдалды.Аталган курс “Башталгыч билим берүү” адистигинде билим алган студенттерге арналат. Курстун жалпы көлөмү – 48 саат, анын ичинде лекция – 32 саат, практикалык сабак – 16 саат. Атайын курс үчүнчү семестрде окутулат.

Бул курс С.Нааматов атындагы НМУнун окумуштуулар кеңеши

тарабынан 2011-жылы талкууланып, бекитилген жана ошол убакыттан баштап студенттерге тандоо курсу катары окутулат (1-табл.)

**1-таблица.** “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” **атайын курсу**

| № | Мазмуну | Лекция | Семинар |
|---|---|---|---|
| 1 | Киришүү | 1 | |
| 2 | Байыркы философтордун окууларындагы рефлексия тууралуу жалпы элестетүүлөр | 2 | 1 |
| 3 | Жаңы мезгилдин таанын жана аң-сезим теорияларындагы рефлексияны жана интроспекцияны түшүнүү (Р.Декарт, Д.Локк, И.Кант, Г.Гегель ж.б.) | 2 | 1 |
| 4 | Чет элдикпедагогикадарефлексиягаарналгантеориялык-методологиялыкжанаэксперименттикизилдөөлөр | 2 | 1 |
| 5 | Рефлексиялык аң-сезимди изилдөөгө карата Россиялык философиялык-педагогикалык жана табигый-илимий мамилелер | 2 | 1 |
| 6 | Азыркы педагогикада жана психологияда көп аспекттүү феномен катары рефлексия жөнүндө түшүнүк | 2 | 1 |
| 7 | Рефлексиянын деңгээлдери менен механизмдери | 2 | 1 |
| 8 | Рефлексиянынформалары | 2 | 1 |
| 9 | Рефлексиянынтиптериmenентүрлөрү | 2 | 1 |
| 10 | Онтогенездеги рефлексиялык аң-сезимди өнүктүрүү | 2 | 1 |
| 11 | Азыркы педагогикада рефлексиянын өнүгүүсүнүн негизги багыттары жана көйгөйлөрү | 2 | 1 |
| 12 | Кесиптик рефлексия жөнүндө түшүнүк, анын түзүмү жана адамдын ишмердүүлүгүндөгү мааниси | 2 | 1 |
| 13 | Кесиптик-педагогикалык рефлексия | 2 | 1 |
| 14 | Кесиптикрефлексиянытутумдууизилдөөлөр | 2 | 1 |
| 15 | Билимберүүпроцессинрефлексиялыкбашкаруу | 2 | 1 |
| 16 | Кесиптик рефлексияны өнүктүрүүнүн технологиялары | 2 | 1 |
| 17 | Кесиптик рефлексияны диагностикалоо жана өнүктүрүү | 1 | 1 |
| | Баары | 32 | 16 |

Диссертациялык изилдөөнүн үчүнчү главасы **“Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыгын илимий интерпретациялоо”** деп аталып, анда изилдөөнүн *төртүнчү милдетин* чечүүгө арналган. Илимий изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык педагогикалык эксперимент үч этапта жүргүзүлдү:

*Биринчи этап.* Педагогикалык экспериментте илимий маселенин алгачкы абалын аныктоо максатында (констатациялоо эксперименти).

С.Нааматов атындагы НМУнун мугалимдердин билимин өркүндөтүү курсуна келген башталгыч мектеп мугалимдеринин арасында тест жүргүзүлдү.

*Экинчи этап.* К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун, С.Нааматов атындагы НМУнун жана Кыргыз-Өзбек университетинин (КӨУ) педагогика адистиги боюнча билим алып жатышкан биринчи курстун студенттеринен педагогика боюнча (“Педагогика-1”) боюнча комплекстүү билимин аныктоо орун алды. Мындан тышкары, студенттердин рефлексиялоо деңгээлин аныктоо боюнча изилдөө жүрдү.

*Үчүнчү этап.* К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун, С.Нааматов атындагы НМУнун жана Кыргыз-Өзбек университетинин педагогика адистиги боюнча билим алып жатышкан экинчи курстун студенттеринен педагогика (“Педагогика-2”) боюнча комплекстүү билимин аныктоо жүрдү. Эксперименталдык жана контролдук топтордогу студенттердин рефлексиялоо деңгээлинин өзгөрүүсүнүн диагностикасы орун алды.

Диссертациялык изилдөөнүн алкагында билимин өркүндөтүү курсуна келишкен Нарын облусунун башталгыч мектеп мугалимдеринен А.В.Карповдун методикасы боюнча рефлексиялоо деңгээлин аныктоо тести алынды. Студенттердин арасында педагогикалык экспериментте алгач биринчи курстун экинчи семестринде студенттердин рефлексиялоо деңгээлдери жогоруда көрсөтүлгөн метод менен аныкталган. Тесттин жыйынтыгында, жогоруда аталган окуу жайларындагы студенттердин контролдук жана эксперименталдык топторунун рефлексиялоо деңгээлдери бири-биринен кескин айырмаланбагандыктан, көрсөткүчтөр жалпыланып берилди.

Эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, биринчи курстун студенттеринин дээрлик көпчүлүгү рефлексиялоо деңгээлдери боюнча төмөн жана орто болду. Тесттин жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, жаш мугалимдердин рефлексиялоо деңгээли салыштырмалуу төмөн болуп чыкты.

Мектеп мугалимдеринин педагогикалык тажрыйбасы жогорулаганда алгач рефлексиялоо деңгээлдери жакшырат, бирок педагогикалык тажрыйбасы 16 жылдан ашкандан кийин рефлексиялоо деңгээлдери кайрадан төмөндөйт (2-табл.).

**2-таблица. Башталгыч мектеп мугалимдеринин рефлексиялоо деңгээлдери**

| № | Педагогикалык тажрыйбасы | Рефлексиялоо деңгээлдери (% менен) | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөн | орто | жакшы | жогору |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5 жылга чейин | 35,5 | 43,7 | 20,8 | |
| 2 | 6 жылдан 10 жылга чейин | 22,7 | 46,7 | 22,8 | 7,8 |
| 3 | 11 жылдан15 жылга чейин | 27,7 | 45,4 | 21,5 | 5,4 |
| 4 | 16 жылдан өйдө | 30,4 | 47,2 | 19 | 3,4 |

Илимий изилдөөнүн логикасына ылайык, студенттердин билим сапатынын көрсөткүчтөрүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө "Педагогика-1" курсу боюнча тест алынды. Тест биринчи курстун экинчи семестринде жүргүзүлдү. Ар бир студентке жыйырма суроону камтыган тест сунушталат. Тесттин биринчи он суроосуна туура жооптор эки балл, калган он суроосу үч балл менен бааланган. Демек, эң максималдуу мүмкүн болгон балл 50 гө барабар болот. Студенттин билими төрт деңгээл менен аныкталат: I деңгээл - төмөн (0-14 балл); II деңгээл - орто (15-29 балл); III деңгээл - жакшы (30-44 балл); IV деңгээл – жогорку (45-50 балл).

Эксперименттин жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, студенттердин билим сапатынын деңгээли контролдук жана эксперименталдык топтордо 22% тен 30%ге чейинки интервалда болду. Демек, студенттердин билим сапатынын деңгээлин жогорулатуу зарыл экендиги дагы бир жолу айкын болду.Эксперименталдык топтордогу студенттерге тандоо курсунун алкагында атайын "Рефлексиялоо" тренинги жүргүзүлдү. Мындан тышкары, "Педагогика-2" дисциплинасынын семинардык сабактарын жүргүзүүдө көбүнесе рефлексиялык билгичтиктерди пайда кылуучу суроолордун топтомдору түзүлгөн. Педагогикалык эксперименттин жүрүшү менен студенттердин рефлексиялоо деңгээлдеринин өзгөрүүсү орун алды. Негизинен алганда, тренингге катышуу менен студенттер өздөрүнүн ишмердүүлүгүн тынымсыз, үзгүлтүксүз анализдөөгө багыт алышты. Алар менен баарлашуу учурунда көпчүлүк студенттер "күндөлүк дептерин" ачкандары тууралуу билдиришти.

Негизги педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы "Педагогика-2" (мурдагы "Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар") дисциплинасы боюнча студенттердин билим деңгээлдери аныкталды. Билим деңгээлдерин аныктоо методу жогоруда көрсөтүлгөн шкала менен өлчөндү.

Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, К.Тыныстанов атындагы ЫМУда да, С.Нааматов атындагы НМУда да жана ошондой эле КӨУда да студенттердин билим деңгээлдери өзгөрүүгө учурады. Тактап айтканда, студенттердин билим сапаты К. Тыныстанов атындагы ЫМУда 30,5%дан 54,1%га чейин жогорулады, С.Нааматов атындагы НМУда бул көрсөткүч 33,3%дан 61,9%га чейин көтөрүлдү, ал

эми КӨУда билим сапаты 31,6%дан 54,7%га чейин өзгөрдү (3-4 табл., 2-3-4-сүр.)

**3-таблица. Негизги экспериментке чейин студенттердин билим деңгээлдери**

| ЖОЖдор | Контролдук топ (% менен) | | | | Эксперименттик топ (% менен) | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | төмөн | орто | Жакшы | жогору | төмөн | орто | жакшы | жогору |
| К.Тыныстанов атындагы ЫМУ | 7,5 | 59,6 | 18,4 | 14,5 | 7,9 | 62,8 | 16,7 | 12,6 |
| С.Нааматов атындагы НМУ | 8,5 | 60,8 | 16,5 | 14,2 | 9,2 | 61,7 | 15,5 | 13,6 |
| Кыргыз-Өзбек университети | 7,4 | 57,9 | 19,8 | 14,9 | 8,5 | 61,0 | 17,8 | 12,7 |

**4-таблица. Негизги эксперименттен кийин студенттердин билим деңгээлдери**

| ЖОЖдор | Контролдук топ (% менен) | | | | Эксперименттик топ (% менен) | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | төмөн | орто | Жакшы | жогору | төмөн | орто | жакшы | Жогору |
| К.Тыныстанов атындагы ЫМУ | 6,5 | 63,0 | 13,5 | 17,0 | 4,2 | 41,7 | 33,3 | 20,8 |
| С.Нааматов атындагы НМУ | 9,6 | 57,4 | 18,2 | 14,8 | 4,8 | 33,3 | 38,1 | 23,8 |
| Кыргыз-Өзбек университети | 7,9 | 60,4 | 12,9 | 18,8 | 4,3 | 41,0 | 33,2 | 21,5 |




2-сүрөт. Студенттердин билим деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү (К.Тыныстанов атындагы ЫМУ)




3-сүрөт. Студенттердин билим сапатынын деңгээлинин көрсөткүчтөрү (С.Нааматов атындагы НМУ)




4-сүрөт. Студенттердин билим деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү
(Кыргыз Өзбек университети)

Эксперименттик иштин натыйжаларынын аныктыгын эсептөө үчүн $\chi^2$ критерийи алынды, анда градациялар төмөндөгүдөй бөлүндү: Градациянын саны б.а. L=4 - “төмөн”, “орто”, “жакшы” жана “жогорку”. Хи-квадраттын $\chi^2_{эмп}$ эмпирикалык мааниси төмөнкү формула менен чыгарылды: $\chi_{эмп} = N \cdot M \sum_{i=1}^{L} \frac{\left(\frac{n_i}{N} - \frac{m_i}{M}\right)^2}{n_i + m_i}$, мында N – эксперименттиктоптогу студенттердин саны, M – контролдук топтогу студенттердин саны; L – градациянын саны; $n_i$ – эксперименттик топтогу i-чи балл алган студенттердин саны; $m_i$ - контролдук топтогу i-чи балл алган студенттердин саны (i=1,2,3,4). Ушундай эле жолмененэксперименталдыкжанаконтролдукгруппаларбоюнча $\chi$ критерийининэксперименттенкийинкимаанилериналабыз. Эксперименталдыкжанаконтролдукгруппалардынэксперименттенкийинки мүнөздөмөлөрүнсалыштырууданалынганжыйынтыктөмөнкүдөй:С.Наамат ов атындагы НМУ: $\chi_{эмп}$= 10,3,К.Тыныстанов атындагы ЫМУ: $\chi_{эмп}$=9,1, Кыргыз-Өзбек университети: $\chi_{эмп}$= 8,6. «Хи-квадраттын» таблицалык мааниси $\chi_{.05}$=7,82 барабар.

Демек, педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары ишенимдүү болуп саналат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫГЫ

Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык жана практикалык маселелердин анализинин негизинде, педагогикалык, психологиялык методдорго таянган иликтөөлөрдүн натыйжасында төмөнкү жыйынтыктар белгиленди.

1. Студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптоонун теориялык жана практикалык аспектилеринин анализи жүргүзүлдү. Рефлексиялоо ишмердүүлүгү бакалавриат системасында башталгыч мектеп мугалимин даярдоодо актуалдуу жана татаал процесс катары аныкталып, инсандын өздүк таануусун жана бакалавр-студенттердин рефлексиялык компетенцияларын терең калыптандыруунун зарылчылыгы далилденди.
2. Бакалавр-студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүнүн принциптерин жана компоненттерин, ошондой эле калыптоонун этаптарын жана деңгээлдерин камтыган модель түзүлдү.
3. Студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн натыйжалуу калыптоо үчүн дидактикалык каражаттар жана “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” деген аталыштагы атайын курс иштелип чыкты.
4. Бакалавр-студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптоонун моделинин натыйжалуулугу педагогикалык эксперименттин натыйжалары менен далилденди.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

Диссертациялык изилдөөнүн алкагында алынган жыйынтыктардын негизинде жогорку окуу жайларында бакалавр системасы менен педагогикалык адистерди натыйжалуу даярдоо үчүн төмөнкү методикалык сунуштар белгиленди:

- жогорку окуу жайларында салттуу формалар менен бирге эле жаңы формаларды, технологияларды киргизүү убакыттын талабы болуп саналат. Болочоктогу мугалимдердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптоо менен компетенттүү адистерди даярдоо мектеп окуучуларынын билим сапатын жогорулатууга шарт болот;
- студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптоого багытталган дидактикалык каражаттар мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында колдонууга сунушталат. Ал дидактикалык каражаттар мугалимдердин кесиптик жана инсандык касиеттерин өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө теманын алкагынан тышкары турган бир катар илимий маселелер аныкталды. Алардын ичинен негизгилери катары,

мындан аркы илимий изилдөөлөрдө эске алууга сунуштай турган маселелер катары рефлексиялоонун таанып-билүү ишмердүүлүгүнө жана педагогдун кесиптик имиджине болгон таасирлерин өзгөчө белгилейбиз.

**Изилдөөнүн жалпы натыйжалары төмөнкү эмгектерде жарыяланды:**


1. **Султаналиева, Ш.К**. Педагогикалык рефлексиянын өзгөчөлүктөрү [Текст] / Т.М. Сияев., Ш.К. Султаналиева // Азыркы мезгилдин педагогу: теория жана практика: илимий жыйнак. -2011. - II чыгарылышы. - 43-46-бб.
2. **Султаналиева, Ш.К** Кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо педагогикалык рефлексияны өнүктүрүүнүн шарттары жана каражаттары [Текст] / Ш.К.Султаналиева // Азыркы мезгилдин педагогу: теория жана практика: илимий жыйнак. - 2011. - III чыгарылышы. - 47-51-бб.
3. **Султаналиева, Ш.К**. Педагогикалык рефлексияга үйрөтүүнүн ыктары [Текст] / Ш.К.Султаналиева // Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жарчысы. Педагогика жана психология. – 2012. - № 1(26). - 225-228-бб.
4. **Султаналиева, Ш.К**. Рефлексияны өнүктүрүүгө багытталган көнүгүүлөрдүн өзгөчөлүктөрү [Текст] / Ш.К.Султаналиева // И.Арабаев атындагы КУУнин Жарчысы. - 2012. - № 3. – 380-382-бб.
5. **Султаналиева, Ш.К**. Педагогикалык рефлексиянын өнүгүүсүнө багытталган көнүгүүлөрдүн комплекси [Текст] / Ш.К.Султаналиева // Известия вузов. - 2013. - № 5. - 122-124-бб.
6. **Султаналиева, Ш.К**. Болочок мугалимдин рефлексиялык мүнө зүнүн моделин түзүү [Текст] / Т.М. Сияев., Ш.К.Султаналиева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. Педагогика илимдери. - 2013. - № 3. - 323-327-бб.
7. **Султаналиева, Ш.К**. Студенттердин рефлексиялык билгичтиктерин калыптандыруунун формалары жана усулдары [Текст] / Ш.К.Султаналиева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. Педагогика илимдери. - 2013. - № 3. - 337-342-бб.
8. **Султаналиева, Ш.К**. Педагогикалык ишмердүүлүктө рефлексиялык көнүгүүлөрдүн ролу [Текст] / Т.М.Сияев., Ш.К.Султаналиева., А.К.Асанбаева // Известия вузов. -2014. - № 4. - 64-67-бб.
9. **Султаналиева, Ш.К**. Рефлексивная деятельность будущих учителей начальной школы [Текст] / Ш.К.Султаналиева // Абай атындагы Казак Улуттук педагогикалык университети - 2014. - №3. – С.144-146.
10. **Султаналиева, Ш.К** Башталгыч мектеп мугалиминин педагогикалык рефлексиясы: практикалык аспект [Текст] / Т.М. Сияев.,

Ш.К. Султаналиева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. - 2015. - № 12. - 550-553-бб.

11. **Султаналиева, Ш.К** Особенности педагогических рефлексивных упражнений в деятельности педагога [Текст] / Т.М. Сияев., Ш.К. Султаналиева // Актуальные пробемы педагогики и психологии в России и за рубежом. - 2016. - Новосибирск. - Выпуск III. www/izron/ru. - С.137-140.

12. **Султаналиева, Ш.К** Тренинг, направленный на формирование навыков рефлексии будущего учителя [Текст] / Т.М. Сияев., Ш.К. Султаналиева // Актуальные пробемы педагогики и психологии в Росии и за рубежом.–Новосибирск. - Выпуск III.www/izron/ru. - 2016. - С.152-155.

13. **Султаналиева, Ш.К**. Теоретический аспект рефлексивной деятельности будущего учителя [Текст] / Ш.К.Султаналиева // Основные вопросы теории и практики педагогики и психологии. –Омск. - 2016. Выпуск III.www/izron/ru. - С. 118-120.

14. **Султаналиева, Ш.К**. Организация и проведение педагогического эксперимента по изучению рефлексии [Текст] / Ш.К.Султаналиева // Проблемы педагогики. Обучение образование воспитание. . **http://problemspedagogy.rue-mail: admbestsite @yandex.ru**-Иванова.- 2016. - № 9. - С. 46-48.

15. **Султаналиева, Ш.К**. Предпосылки исследования профессиональной рефлексии студентов-будущих учителей начальных классов [Текст] / Ш.К.Султаналиева // Проблемы педагогики. Обучение образование воспитание. **http://problemspedagogy.rue-mail: admbestsite @yandex.ru.** - Иванова.- 2016. № 9 (20)- С. 48-51.

16. **Султаналиева, Ш.К**. Рефлексия педагогдун кесиптик маанилүү сапаты катары [Текст] / Ш.К. Султаналиева // С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Жарчысы. - 2016. - № 2-3. - 195-197-бб.

**Султаналиева Шайыркүл Карыпбековнанын “Бакалавр системасында студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери”** аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** рефлексия, студенттин рефлексиясы, рефлексиянын түзүлүшү жана түрлөрү, рефлексиялоонун деңгээлдери, принциптер, компоненттер, тренинг, тест, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн максаты** – окуу процессинде студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздерин аныктоо.

**Изилдөөнүн обьектиси –** бакалавр системасында башталгыч мектеп мугалимин даярдоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – бакалавр системасында башталгыч мектеп мугалимин даярдоо процессинде рефлексиялоону калыптоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**: Бакалавр-студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүнүн түрлөрү жана формалары; жогорку окуу жайында студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптоонун модели жана педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен тастыкталган рефлексиялоону калыптоонун натыйжалуу педагогикалык негиздери; даярдалган тренинг жана тандоо предмети катары кабыл алынган “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” аттуу автордук курсу.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий маселе боюнча психологиялык, философиялык жана илимий-методикалык адабияттардын теориялык анализи; анкета жүргүзүү; аңгемелешүү жана анын жыйынтыктарын анализдөө; педагогикалык тест; педагогикалык экспериментти жүргүзүү.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү**:

Изилдөөнүн материалдары, жыйынтыктары жана С.Нааматов атындагы НМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” аттуу атайын курс педагогикалык багыттагы студенттерди даярдоого колдонулат. Мындан тышкары, көрсөтүлгөн материалдар мугалимдердин кесибин жогорулатуу курстарында колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн алкагында даярдалган студенттердин рефлексиялоосун калыптоонун модели жана курсу студенттерди даярдоодо инновациялык методдорду колдонууга шарт түзөт. Натыйжада, кесиптик даярдоодогу тышкы жана ички (өздүк) баалоону өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп, мугалимдерди даярдоо процессинин сапатынын жогорулашын өбөлгө түзөт.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Султаналиевой Шайыркул Карыпбековны на тему: «Педагогические основы формирования рефлексивной деятельности студентов бакалаврской системы» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.08 – теория и методика профессионального образования**

**Ключевые слова:**рефлексия, рефлексия студента, формы и виды рефлексии, уровни рефлексирования, принципы, компоненты, тренинг, тест, педагогический эксперимент.

**Цель исследования - определениепедагогических основ** формирования рефлексивной деятельности студентов в учебном процессе.

**Объект исследования -** процесс подготовки учителей начальной школы в бакалаврской системе.

**Предмет исследования** – формирование рефлексии в процессе подготовки учителя начальной школы в бакалаврской системе.

**Научная новизна исследования:**

Выяснены виды и формы рефлексивной деятельности;разработана модель формирования рефлексивной деятельности студентов в учебном процессе вузаи выявлены педагогические средства её формирования, эффективность которых подтверждена результатами педагогического эксперимента; разработан тренинг и специальный курс “Развитие профессиональной рефлексии” в качестве курса по выбору.

**Методы исследования:** теоретический анализ психологической,философскойи научно-методической литературы по научной проблеме; анкетирование; собеседование и анализ егорезультатов;педагогический тест; проведение педагогического эксперимента.

**Практическое значение результатов исследования**: Материалы и научные результаты данного исследования, а также специальный курс «Развитие профессиональной рефлексии», утвержденный ученым советом НГУ имени С.Нааматова могут быть применены при обучении студентов-бакалавров педагогических специальностей, а также на курсах повышения квалификации учителей.Предложенная модель и программа курса формирования рефлексивной деятельности студентов способствует применению на практике инновационных методов обучения студентов, ведущих к развитию внешней оценки и самооценки их готовности к профессиональной деятельности, что способствует повышению результативности учебного процесса в вузе, при подготовке будущих учителей.

# ABSTRACT

**on dissertation by Sultanalieva Shaiyrkul Karypbekovna on topic: “Pedagogical bases of formation of reflective activity of students of bachelor system”** for the degree of candidate of pedagogical sciences on a specialty 13.00.08 – Theory and Methods of Professional Education

**Keywords:** reflection,reflection of the student, forms and types of reflection, levels of reflection, principles, components, training, test, pedagogical experiment.

**The purpose of the research - the definition of pedagogical bases** of formation of reflective activity of students in the learning process

**The object of the research** is the process of training of primary school teachers in the bachelor system.

**The subject of research** isthe formation of reflection in the process of elementary school teachers’ preparation in the bachelor system.

**The scientific novelty of the research:**

The types and forms of reflexive activity are clarified; a model of reflexive activity of students in educational process of high school is developed, pedagogical means of its formation are found and their effectiveness has been confirmed by the results of pedagogical experiment; A training and a special course on "Development of Professional Reflection" as an elective course was developed.

**Methods of the research:** theoretical analysis of psychological, philosophical, scientific and methodological literature on the research problem; questionnaires; interviews and the analysis of its results; pedagogical test; carrying out of a pedagogical experiment.

**The practical significance of the research results:**

Materials and scientific results of this research, as well as a special course on "Development of a Professional Reflection", approved by the Academic Council of the NSU named after S. Naamatov can be used for teaching undergraduate students of pedagogical specialties, and also on training courses of teachers. The proposed model and the program of the course on formation of reflective activity of students contributes to the practical application of innovative methods of training of students, leading to the development of the external evaluation and self-assessment of their readiness for professional activity which increase the effectiveness of the educational process at the university, in the process of preparation of future teachers.

Басуугa21.05.2016-ж. кол коюлду.
Форматы 60х84 1/16.Офсет кагазы
Көлөмү 1.75 б.т., Нускасы 100 экз.

КББАнын «Билим» басма борбору
Бишкек ш., Эркиндик бул. 25